İlahiyat Fakültesinin İlmi Dergisi- 18-19. Sayı 2013

Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
18-19. sayı 2013

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
18-19-саны 2013

# ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТТАШТЫРЫЛЫП ДИНИЙ ОКУУ ЖАЙЛАР ЛИЦЕНЗИЯЛАНАТ

д-р. (PhD) С.Базаркулов
Ош МУ теология факультети
sbazarkulov@bk.ru

**Özet**

Bu makalede Kırgız Cumhurbaşkanlığına bağlı Din İşleri Devlet Komisyonu ve Jogorku Keneşin "Bilim, ilim, kültür ve spor" Komitesi tarafından hazırlanan Kırgız Cumhuriyetinin "Dinî Eğitim ve Dinî Eğitim Kurumları" Kanun tasarısı hakkındaki resmi toplantılar ele alınmaktadır. Bununla birlikte Kanun tasarısına öneriler sunmakla Kırgızistandaki dini süreç değerlendirilmektedir.

**Anahtar kelime:** din, devlet, vicdan hürriyeti, layiklik, din dersi, medrese, muftiyat.

Үстүбүздөгү жылдын 30-январында Бишкек шаарында **«Мамлекет жана дин: Диний билим берүүнүн актуалдуу маселелери»** деген темада **улуттук конференция** болду. Бул конференция Жогорку Кеңештин Билим, илим, маданият жана спорт комитетинин төрагасы Каныбек Осмоналиевдин демилгеси менен Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы бирдикте уюштурган.

5-мартта Жогорку Кеңеште Билим берүү, илим, маданият жана спорт боюнча комитеттин демилгеси менен **«Кыргыз Республикасындагы диний кырдаал жана диний билим берүү»** темасында парламенттик угуу өттү. Эки жыйынга тең Жогорку Кеңештин депутаттары, президенттин ЖК өкүлү, вице-премьер Камила Талиева баш болгон өкмөттүн адамдары, Президенттик аппараттан энтостук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн башчысы, Билим берүү Министрлигинин өкүлдөрү Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын директору жана Мамлекеттик күч структурасынын кызматкерлери, диний конфессиялардын башчылары, интеллигенция жамаатынын өкүлдөрү, эксперттер катышты. Менин да бул эки жыйынга да катышып, адис катарында айтылган ойлор жана сунуштамалар туурасында өз пикиримди билдиргим келди.

Улуттук конференцияда жана парламенттик угууда да Кыргызстанда диний билим берүү жана диний окуу жайлары маселесинин көтөрүлүп жатканы туура жана керектүү экендигин баса

белгилеп өтүү керек. Эки жыйында жалпысынан бири-бирин толуктоо маңызында өттү десем туура болот. ЖКнын Билим берүү, илим, маданият жана спорт боюнча комитети менен Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы бир гана диний абалга көз салып гана тим болбостон, мамлекеттин дин саясатын ишке ашырууга болгон бул иш-аракеттери колдоого татыктуу. Мамлекеттик деңгээлде дин маселесине көңүл буруу бүгүнкү турмуштук зарылчылык, мамлекеттик коопсуздук болуп калды. Ал эми Кыргызстанда диний билим берүү мыйзамын кабыл алуу эчак эле бышып жетилгендигин баса белгилөө зарыл. Бул жараяндын кечигүүсүндө объективдүү жана субъективдүү себептер бар.

Дин адамзаттын жашоосунда олуттуу жана орчундуу маселе болуп саналат. Тарыхта динсиз адам болсо да, динсиз коомду кезиктирүүгө мүмкүн эмес. Бирок ушул табигый муктаждык легалдуу жолдор менен рационалдуу канааттандырылбаса туура натыйжа бербей калуу коркунучу бар. Табият боштук каалабайт дегендей, ал муктаждык ар кандай максаттагы инсандардын максатын ишке ашырууда каражат катары колдонулуп кетүүсү мүмкүн. Аны бүгүн дүйнөдөгү жана өлкө ичиндеги диний сабатсыздыктын айынан ар кандай туура эмес иштерге кириптер болуп жаткан жараандардан көрүп эле жатпайбызбы?

Дин – мамлекеттен бөлүнүп каралышы керек. Дин, ишеним бул ар бир адамдын жүрөгүндөгү нерсе: кайсы динди тутат, ал ар жарандын өз эрки деген туура эмес. Чындыгында, дин менен мамлекетти бөлүп кароонун өзү чоң жаңылыштык. Мамлекеттин диний билим берүү жөнүндө мыйзамдарды кабыл алуу сыяктуу аракеттери жарандын ишенимине кийлигишүү эмес, кайсыл динге ишенет ал ар кимдин өз эрки. А бирок ишенимине негизделип аткарган иш-аракеттери коомго, мамлекетке тиешелүү жактары да бар. Ошондуктан инсанга ишенимин туура багыттап алуу башкы маселе. Инсандын бүтүндөй жашоосу ишенимине карай багыт алат. Демек дин жөнүндө туура жана жетиштүү маалыматты ачык-айкын жеткирүү керек.

Баш мыйзамыбыздын мамлекеттик тилде жазылган текстин карап көрсөк, ачык-айкын «мамлекетти башкарууга дин аралашпаган» деп жазылып турат. Мында эч кандай талашууга негиз жок. Көбүнчөсү өлкөдө кабыл алынган мыйзамдар бөтөн элдерден көчүрмө болгондуктан, биздин менталитетке жана дүнүйө көз карашыбызга туура келбей, өз жемишин бербей эле бизди туңгуюкка алып келүүдө. Мамлекет бардык диндерге бейтарап (светтик) мамиле кылуу менен өлкө жарандарынын көпчүлүгү бир динге ишенсе, ага да адилеттүүлүк менен мамиле кылуусу (артыкчылык берүүсү) табигый мыйзам

ченемдүү эле көрүнүш экендигин бүгүнкү дүйнөлүк тажрыйбадан да көрүүгө болот.

Светтик мамлекетте дин негиздерине таянып, мыйзам чыгаруу туура эмес, бирок мамлекетти түзгөн коомдун ишенимин, дин тутуусун көз жаздымында калтырууга да болбойт. Себеби мамлекетти түзгөн коом, өлкө жарандары болуп саналат эмеспи. Жарандардын ишенимге таянып жасаган аракеттери коомго, мамлекетке кыйыр же түздөн түз таасир этет. Ошондон улам президент Алмазбек Атамбаев да диний кырдаал боюнча өз позициясын ачыктап, мамлекеттин динге тиешеси жок деп, сыртта карап турууга мындан ары болбостугун айткан. 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында *«Кыргыз Республикасында азыркы учурда түзүлгөн диний кырдаал карама-каршылыктуу мүнөздө. Бир жагынан, өлкөдө жарандар үчүн өз динин эркин кармануугa жана жайылтууга бардык шарттар жана мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Ошол эле учурда бир катар көйгөйлөр да бар: ал айрым дин өкүлдөрүнүн радикалдашуусу, анын саясатташуусу, мамлекет жана диний уюмдардын өз ара аракеттенишинин натыйжасыздыгы, диний билим берүү системасынын өркүндөтүлбөгөндүгү, алардын үстүнөн мамлекеттик жана коомдук контролдун жоктугу...*

*Диний билим берүүнүн стандарттарын мыйзам менен аныктоо, жарандардын өлкөнүн ичиндеги, ошондой эле чет өлкөлөрдөгү диний окуу жайлардан билим алышын тартипке салуу зарыл.*

*Дин тармагындагы мамлекеттик саясаттын максаты диндердин ортосундагы ынтымакты, динге сабырдуулукту чыңдоо, диний экстремизмге каршы күрөшүүнүн натыйжалуу ыкмаларын жана жолдорун иштеп чыгуу боюнча мамлекеттик органдардын, диний жана коомдук институттардын өз ара кызматташуу системасын түзүү болуп саналат»* деп жазылган. Өлкөнүн өнүгүү стратегиясында да белгиленгендей Мыйзам долбоорун кысым көрсөтүү же кийлигишүү катары эсептөө жаңылыштык болуп саналат. Ошону менен бирдикте, улуттук конференцияны Жогорку Кеңештин Комитети менен Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын биргелешкен иш аракети деп эсептеп, диний уюмдар менен кызматташуу катары баалануусу керек деп ойлойм.

Алгач улуттук конференциянын жүрүшү тууралуу сөз кылсак. Андан соң, парламенттик угуу жөнүндө сөз кылабыз.

***МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИН: ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ» УЛУТТУК КОНФЕРЕНЦИЯ***

Конференцияда 7 адам баяндама жасады. Аларга төмөндө катары менен кыскача токтолсок.

**КР вице-премьер-министри Камила Абдыразаковна Талиева:** *Атуул жана жетекчи катары диндин коомдук өнүгүүгө чоң таасирин тийгизип жатканын билдирем. Эгер эмитен туура жолго салбасак, дүйнөдө болуп жаткан терс окуялар Кыргызстанада болуп калышы толук мүмкүн. Кыргызстандын ар бир жараны сапаттуу диний билим алууга укуктуу, бирок биз бул талапка жооп бере албай жатабыз. Дин тарбиясы менен илими коомдун, жарандардын көйгөйлөрүн чечүүдө чоң салым кошот. Бүгүнкү күндө диний сабатсыздык коомдук акыл-эске, мамлекеттин саясый абалына таасир берип жаткандыгын моюнга алуу керек. Мурда дин кызматкерлери жогорку билимдүү, рухий жактан таза болуп, башкаларга үлгү көрсөтүүчү. Азыр деле дин чөйрөсүндө урматтуу жана сабаттуу адамдар толтура. Бирок, тилекке каршы, дин кызматкерлеринин катарын чала сабат адамдар менен да толукталып, динге ишенгендерди фанатизм менен террорчулукка жетелеп кетүү коркунучу бар. Бул жагдайга байланыштуу дин кызматкерлери кынтыксыз кадыр-баркка ээ болуп, теология боюнча жакшы билими болушу өтө маанилүү. Ушинтип гана биз динге ишенгендердин исламдын чыныгы классикалык түшүнүгүн сактоосун калыптандыра алабыз. Мындай маселелерди чечүүнүн үстүндө Мусулмандардын дин башкармалыгы жана мамлекет пикирлеш болууга тийиш. Жакшы билими болбой туруп эч ким өзүн молдо же имам деп айта албайт. Дин адамы динди өзү бурмалап турса чоң балээге алып келет. Молдо сабаттуу болсо анан элдин калың катмарына сөзү өтөт. Өлкөнүн ар бир жараны кур дегенде мектеп программасын өздөштүрүүгө тийиш. Мектеп программасын өздөштүрбөй, жалпы билим берүү сабагын жана тарбиясын албай туруп, мечит-медреселерге барып, ал жакта алган билиминен коомчулукка пайдасынан зыяны көп болуп жатат.»* Жыйынтыгында вице-премьер-министр Камила Таалиева «Диний билим берүү жана диний окуу жайлары жөнүндөгү» мыйзамдын зарылдыгын мындайча түшүндүрүп: «*Бул мыйзам колдоого татыктуу. Бир жагынан кубантып, бир жагынан кооптонтуп турат бул мыйзам. Мектеп билими менен медреселердин билимин карама-каршы катары карабашыбыз керек. Мына мектептердин окуу сааттары кыскартылды, аларды медреселерге киргизсе, кыйынчылык туудурбайт деп ойлойбуз. Иш болгон жерде сын да болот, сын ишибиздин сапатын жогорулатат. Биз бул мыйзамга муктажбыз жана албетте ага жардам беребиз*» -деп баяндап өттү.

**ЖК депутаты, Билим, илим, маданият жана спорт комитетинин төрагасы Каныбек Осмоналиев,** «Диний билим берүү жана диний окуу жайлары жөнүндөгү» Мыйзам долбоору жөнүндө баяндамасында «*Бүгүнкү күндө диний билим берүү тармагы кескин өсүп, коомдук өнүгүүнүн негизги компоненти катары алдыңкы планга чыгууда. Бүгүнкү күндө эң башкысы – жарандык коом, өкмөт, диний конфессия*

*өкүлдөрү ортосунда диалог болушу керек. Эгерде туура диний билим берилбесе, мамлекеттик коопсуздукка, коомдун радикалдашуусуна, диний экстремизм идеяларынын жайылышына түздөн-түз таасир берип, коомдогу толеранттуулук жана маданий деңгээлди төмөндөтөт. Динин алмаштыргандар арасында жаштар гана эмес, улуу муун өкүлдөрү да бар. Прозелитизмдин (бир динден экинчи динге өтүп кетүү) өсүшү салттык диний билим берүүнүн таңкыстыгына түздөн-түз байланыштуу. Кээ бир жерлерде аялдар менен балдарга жеке диний билим берүү өрчүп, алардын радикалдашууларына себеп болууда. Кыскасы диний билим берүүгө өзгөчө көңүл бөлүү бышып жетилди. Медреседеги билим берүү менен диний институттун окуу программаларында айырмачылык жокко эсе. Алардын берген документтерин Билим берүү министрлиги кабыл кылбайт.»* - деп баса белгиледи Осмоналиев. «*Коомду радикалдашуудан сактоо иретинде диний жалпы билим берүү лицейлерин ачуу керек. Жаңы адистештирилген жалпы билим берүүчү лицейлер исламдык, же христиандык багытта, же окуучулардын тандап алуусуна жараша эки диний багытта окуу жүрүшү мүмкүн. «Бул мектептер КР Билим берүү жана илим министрлигине баш ийүүсү кажет. Лицей бүтүрүүчүсүнө мамлекеттик үлгүдөгү күбөлүк берилет. Лицейди аяктаган соң, алардын инженер, медик, педагог болууга мүмкүндүгү болот»*, - дейт К.Осмоналиев. Ал кошумчалагандай, аталган окутуу формасы дүйнөлүк тажрыйбада кеңири колдонулат. «*Алгач Бишкекте жана Ошто бирден пансиондук типте пилоттук мектеп куруу керек. Белгилүү болгондой учурда көптөгөн конфессиялар, мисалга "7-күн адвентисттери" сектанттары да өз класстарын ачышкандыгы маалым. Окуучуларды мамлекетти сүйүүгө, чыныгы жаран болууга тарбиялоо керек, болбосо, ар кыл диний агымдардан тарбия алган жаштардын катарынан радикалдар чыкпасына эч ким кепилдик бере албайт»*, - деп кошумчалады депутат. Жаштардын чет өлкөдөн алып келген диний билимден коомчулукта кооптонуу жагдайын жаратып жатканын билдирип бул жаатта да иш-аракеттин керектигин баса белгилеп өттү. «*Мектепке диний тарых боюнча сабактарды берүү керек. Орусияда 2010-жылдан баштап диндер таарыхы боюнча сабак берилип жатат. Биз адатыбызча артта калдык»*. - деп баяндамасын жыйынтыктады Каныбек Осмоналиев.

**Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын директору Абдулатиф Жумабаев:** «Кыргызстанда диний билим берүү: актуалдуу проблемалары» деген темада баяндама жасады. «*Дин комиссиясы Кыргызстанда диний билим берүү проблемасына өзгөчө көңүл буруп келгенбиз, мындан кийин да көңүл бурабыз. Дүйнөдө жалпы билим берүүдө диний билим берүүнүн төрт модели бар: Биринчиси – диний билим берүү мамлекеттик жана жеке менчик мектептерде базалык дисциплина катары окутулат, экинчиси – диний билим берүү мамлекеттик жана жеке*

*менчик мектептерде диний билим берүүгө уруксат берилет, үчүнчүсү – жеке менчик гана мектептерде окутулат жана төртүнчү түрү – мамлекеттик жана жеке менчик мектептерде диний билим берилбейт. Биздин өлкөдө бүгүн үчүнчү моделге жакын бир модел иштеп жаткандай.*

*Биз диний билим берүүнү* ***стандартташтырып, жалпылаштыруубуз*** *керек. Диний сабатсыздык мамлекеттин өнүгүшүнө терс таасирин тийгизүүдө. Диний окуу жайлар талапка жооп бербейт. Диний билим берем деген окуу жай Дин комиссиясынан каттоодон өтүп, лицензия алып, бүтүрүүчүлөрүнө берген документтерине тастыктоо алышы керек. Билим берүү жана илим министрлигинде диний билим берүү тармагын тейлеген түзүм ачылса. Диний билим берүү жаатындагы өксүктөрдү жоюу үчүн ЖОЖдор аралык диний билим берүү Кеңеши түзүлсө жакшы болот. Алар окуу программасын, окутуу методикаларын иштеп чыкса. ЖОЖдордо дин таануучулук жана теологиялык билим берүү практикасын колдоо керек. Өлкө жарандарынын чет өлкөгө диний билим алуусу баш аламандык менен сүрүүдө. Студенттердин ал жактан алган диний билимдери жергиликтүү менталитетке, салтка, диний ишенимдерге туура келбеген тарбия билим менен келишип проблемаларды жаратууда. Мына ошондуктан сыртка чыккан окуучулар тартипке салынышы керек. Жарандар мектепке диний негиздер билимин берүү боюнча талаптарды коюуда... Дин маалымат гана бербестен, адамдын ички дүйнөсүн калыптайт, ошондуктан өтө маанилүү. Мамлекеттин светтик түзүлүшү мамлекеттик мектептерде дин таануучу предметин окутууга тоскоолдук эмес.»* - деп сөзүн жыйынтыктады Дин комиссиясынын директору.

**Кыргызстан мусулмандарынын азирети муфтийи Рахматулла ажы Эгембердиев,** алгач муфтият тарабынан даярдалган диний окуу жайлар тууралуу чакан видео роликти көрсөтүп андан соң сөзүн баштады. Азирети муфтий баарына ыраазычылыгын билдирип, бул мыйзамдын өтө зарылдыгына кеңири токтолду: *«Биз деле мусулмандар даярбыз жаңы талаптарга. Бирок маселе келип эле каражатка такалат. Окуу материалдары, кадрлар, тиешелүү стандарттарга жооп берүү - баары каражатка байланыштуу. КМДБнын алдындагы окуу жайлар мүмкүнчүлүгүнө жараша, өзүн-өзү каржылоо менен окуп жатышат. Муфтияттан бир аз жардам болот аларга. Эгерде мамлекет тарабынан жардам болуп, же бир фонд уюшулуп жардам берилсе, биз стандарттарга өтүүгө даярбыз. Биздин да бүтүрүүчүлөрүбүз мамлекет тааныган дипломдорду алса деген ниетибиз бар»* - деп Мыйзам долбоорунун кээбир пункттарына макул эмес экендиктерин билдирип аларды төмөндө санап өттү. *«Диний билим берүү боюнча Долбоорго төмөнкүчө сунуштарыбыз бар: - Диний билим берүү стандарттары мамлекеттик стандарттарга негизделе албайт. Анткени диний билим берүү мекемелери*

*лицензияланып жана каттоодон өтүп мамлекеттик үлгүдөгү документ берүүгө милдеттендирилиши: Бардык диний окуу жайлардын мыйзамдан сырткары болуп калышына алып келет»* -деп себебин каржылоо көйгөйү менен түшүндүрдү. «*Азыркы кездеги медреселер менен жогорку диний окуу жайлар мындай лицензиялоо жана аттестация талаптарына кадрдык курамы, материалдык-техникалык базасы, китепкана фонду, имараты жана башка жагынан жооп бере албайт. Ошондуктан, лицензия алып аттестациядан өтүүнү мажбур эмес каалоо түрүндө кылыш керек, башкача айтканда, кээ бир диний окуу жайларга диний гана бойдон калууга мүмкүндүк берүү керек»* - дейт азирети муфтий Рахматулла ажы Эгембердиев.

Ош шаарындагы Орус Православ чиркөөсүнүн протоиери, **«Светоч» башталгыч чиркөө мектебинин директору Виктор Реймген**: «Рухий жана светтик билим берүүнү уюштуруунун практикаланышы. Россиядагы билим берүү жайларында Православ маданиятынын негиздери сабагын киргизүүнүн тажрыйбалары» аттуу темада баяндама жасады. Баяндамада: Ош шаарындагы Православ чиркөөсүнө караштуу «Светоч» мектебинин тажрыйбасын айтып берди. «*Светоч мектеби, биринчи кезекте диний окуу жай эмес, жалпы билим берүүчү жеке менчик тибиндеги мектеп болуп саналат. Мектеп Билим берүү жана илим министрлиги жана Мамлекеттик дин иштери боюнча комиссиясынын аккредитациясынан өткөн. Мектептин окуу программасында Россияда Орус Православ чиркөөсү менен Билим берүү жана илим министрлигининин бирдикте түзгөн «Основы православной культуры» предмети менен кошо «Закона Божьего», «Церковно-славянского языка» жана «Основы богословия» предметтери окутулат. Биз өлкөдөгү диний билим берүүнү талкулоо менен эмнеге жетүүгө ашыкканыбыз маанилүү болуп саналат. Бул темага өтө аяр мамиле кылып чечүүнү талап кылат. Диний сабаттуулук балдарга керек. Анткени балдарды фанатизмден, диний ишеним жана түшүнүктөрдү туура эмес кабыл алуудан, ар кандай жаңылыштыктардан оолак кылат»* -деп диний билим берүүнүн жалпы билим берүүчү мекемелердеги орду жана ролу жөнүндө баяндама жасап сөзүн жыйынтыктады Виктор Реймген.

**Курбанова Назира, И.Арабаев атында КМУнун Кыргызстандын тарыхы жана этнологиясы кафедрасынын башчысы:** «КМШ мамлекеттериндеги светтик жана рухий билим берүүнүн эриш-аркак берилишинин тажрыйбалары» деген темада баядама жасады. «*Биз кадам таштадык, бул өтө жакшы. Башка мамлекеттер алдыга озуп, өздөрүнө ылайык жол менен кетти. 20 жылдык тажрыйбадан соң, биз да «динди бөлүүдөн/четке кагуудан» баш тартышыбыз керек. Орусияда диний билим берүү: дин негиздери – дин тарыхы – руханий-адептик тарбия деген баскычтар менен өнүктү.*

*Орусияда президентинин алдында Ислам маданиятын өнүктүрүү Фонду түзүлгөн, ал фонд аркылуу Ислам дини жаатындагы ар кандай иштерге каржылоо болуп тургат. Исламдык билим алган балдар орто жолдо калып калбашы керек. Стандарттар иштелип чыгып диний жана мектептик билим бириктирилиш керектигин»* - белгилеп өттү.

**Сайфулла Базаркулов**, **Ош МУнун теология факультетинин декандын илимий иштер жана тышкы байланыштар боюнча орун басары:** «Жалпы билим берүүдө дин сабагын окутуунун кээ бир аспектилери» деген темада баяндама жасады. «*Жалпы билим берүүдө дин сабагын окутуу демократиялык укук болуп саналат. Бүгүнкү күндө мектептерде дин сабагын окутуу маселесинде коомчулукта эки көз караштын тиреши сүрүүдө. Биринчиси, мектептерде дин сабагы окутулушу керек. Кыргызстан демократиялык мамлекет жана калктын көпчүлүк бөлүгүн мусулмандар түзөт дешет. Экинчи, көз караштагылар болсо, Кыргызстан - светтик мамлекет, дин менен мамлекет иши ажыратылган. Мектептерде дин сабагын окутууга тыюу салынган деп айтышат. Чындыгында, дин сабагын мектептерде окутуу маселесин идеологиялык аспектиде эмес, илимий негизде талкуулап, рационалдуу чечишибиз зарыл. Светтик терминин да бөтөн элден көчүрүп алгандыгыбыз үчүн жакшы түшүнбөй келебиз. Баш мыйзамдын мамлекеттик тилде жазылган текстинде «мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган» деп эч кандай талкуу талашка негиз жок таамай эле жазылып турбайбы. Бул деген мектептерде дин сабагын окутууга эмес, мыйзам чыгарууда, мамлекетти башкарууда бир динге негиздеп алып, башкалардын укугун тебелебе деген эле сөз. Андыктан, светтикти дүйнө мамлекеттеринде улуттук, диндин мамлекеттин тарыхындагы ордуна жана дүнүйө көз карашына жараша ар мамлекетте ар кандайча тажрыйбаланып келет. Светтик мамлекет диндерге бейтарап (светтик) мамиле кылуу милдети. Ошону менен бирдикте калктын калың катмары бир динге ишенсе, анда ага да адилеттүүлүк менен мамиле кылуусу (артыкчылык берүүсү) табигый эле көрүнүш болуп саналат. Милдеттүү билим алуу мыйзамынын философиясынын маңызына ылайык жалпы билим берүүдө дин сабагынын окутулуусу шарт. Анткени, өз келечегин камсыздай алган баланы жетиштирүүдө диний көз караштарга алданып, бирөөнүн кулуна айланып калбашы үчүн дин жөнүндө маалымдар кылып «руханий ички иммунитетти» жаратышыбыз керек. Диний билим берүү менен дин жөнүндө билим берүүнүн айырмачылыгын эске алуу керек. Мектептерде «дин таануу» деген аталышта базистик планда окутулушу керек. Предметтин мазмунунда Ислам дини басымдуулук кылуусу табигый көрүнүш болуш керек. Өлкөдө жашаган калктын 85% мусулмандар түзөт. Дин сабагында өлкөдө басымдуулук кылган динге артыкчылык берилүүсүн дүйнө практикасы да далилдеп турат. Натыйжада, глобалдуу ойлонуп,*

*локалдуу иш алып барышыбыз керек.»* - деп жыйынтыктады Сайфулла Базаркулов. Ошону менен бирдикте Мыйзам долбооруна сунуштарын да айтып өттү.

**5-МАРТТА ЖОГОРКУ КЕҢЕШТЕ ПАРЛАМЕНТТЕГИ УГУУ**

5-мартта Жогорку Кеңештин Билим берүү, илим, маданият жана спорт боюнча комитетинин «Кыргыз Республикасындагы диний кырдаал жана диний билим берүү» темасында парламенттик угуу болуп өттү. Каныбек Осмоналиев парламенттик угуунун максатына, анын актуалдуулугуна токтолуп, диний билим берүү боюнча ачык сүйлөшүүгө мезгил бышып жеткендигин баса белгиледи. Комитеттин төрагасы К.Осмоналиев мына ушул максатта дин жаатындагы жана диний билим берүүдө өкүм сүргөн көйгөйлөрдү чечүүнүн зарылчылыгын эске алуу менен Жогорку Кеңештин тармактык комитети баардык кызыкдар тараптарды чакыргандыгын белгиледи.

Парламеттик угуунун ачылышында чыгып сүйлөгөн Жогорку Кеңештин төрагасы Асылбек Жээнбеков демократиялык ачык коомду куруу шартында өлкөдөгү диний кырдаал, диний билим берүү, жаштарды тарбиялоо иштери өтө зор мааниге ээ болуп бараткандыгын баса белгиледи.

*«Ырас, дин иштери мамлекеттен бөлүнгөн. Бирок, биз көп конфессиялуу өлкөдө жашап жаткандыктан, коомчулукту өз кызыкчылыгына, өз идеологиясына тартуу аракетинде жүргөн күчтөр бар. Ошондуктан, мамлекет андан таптакыр четте кала албайт. Диний агымдардын өз ара мамилеси бири-бирин урматтоого таянып жүргүзүлүүгө тийиш. Ал мыйзам жолуна салынышы керек»*, - дейт спикер.

Ошону менен бирге, төрага жаштарга диний жана милдеттүү билим берүү, диний жана светтик тарбия берүү чегин аныктап алуу зарылчылыгына токтолду. Анын пикиринде, азыр диний ишенимдин ички мазмунуна караганда, анын сырткы таризине көбүрөөк басым жасалып жатат. Медреселерде окуган балдарга диний билим берүүнү милдеттүү билим алууга айкалыштыра жүргүзүү зарылчылыгы бар. Келечек илим-билимге чындап умтулган жаштарга таандык. «*Динге аяр мамиле жасообуз керек. Биз ыймандуу коомду куралы деп жатабыз. Ыйман – тазалык. Ыйманга негизделген жаңы коомдун таза адамын тарбиялоо оңой-олтоң иш эмес. Мен баардык диний конфессиялардын өкүлдөрүн өз ара түшүнүшүүгө жана бирдиктүү аракетке чакырам*», - деп кошумчалады А.Жээнбеков.

Вице-спикер Төрөбай Зулпукаров, Кыргызстанда мыйзамдарда атайын бир динге артыкчылык берилген эмес. Бирок бүгүн өлкөнүн келечеги жана коомубуздун биримдиги үчүн «Салттуу Исламга» артыкчылык берүү үчүн атайын мыйзам менен бекитип алууну сунуштады.

Талкуу маалында мечиттер электр кубатына өнөр жайларга болгон тариф менен төлөнүп жаткандыгы, анын төлөмүн төмөндөтүү өтүнүчтөрү айтылды. Айрым диний агымдардын мүчөлөрү өз эрежелери менен каада-салттарына ылайык, мамлекеттеги аскер кызматын өтөөдөн баш тартып жаткан жагдайлар дагы белгиленди. Эл өкүлдөрү К.Осмоналиев, Р.Акназарова, М.Сабировдор мыйзам боюнча Кыргыз Республикасынын баардык жарандары аскер кызматын өтөөгө милдеттүү экендигин баса белгилешти.

Диний билим берүүнүн көйгөйлөрүн чечүүдө теолог адистигин даярдоону колго алуу керек деген пикирин депутат Элмира Иманалиева ортого салды. Айрым жалпы билим берүү багытында ачылып жаткан менчик мектептерде дагы диний максаты бар экендигин айткан депутат Максат Сабиров менчик мектептерди ачууга лицензия берүүдө тиешелүү мамлекеттик орган эмнени көзөмөлгө алып жатат деген маселени койду.

Ош МУнун теология факультетинин декандын илимий иштер жана тышкы байланыштар боюнча орун басары д-р (PhD) Сайфулла Базаркулов *«Бүгүнкү күнү дүйнөдө ааламдашуу жараянында мамлекеттер «иденттүүлүктөрүн» белгилөөдө дин башкы ролду ойноп жаткандыгына токтолуп, улуттун, өлкөнүн өнүгүүсү, биримдигин сактоодо дин ролу зор»* - экендигин баса белгиледи. Диний билим берүү мыйзамынын кемчиликтеринин айтылып жаткан сунуштар, реалдуулукту эске алуу менен диний окуу жайлардын уланмалуулук принцибине ылайык бир-бирин кайталабай тургандай болуусу кажет. Ошону менен бирдикте жалпы билим берүүчү мектептерде жана ЖОЖдорго «дин таануу» предметин базистик планда окутуу керектигин айтып өттү. Кадр маселесин мамлекеттик үлгүдөгү диплом алган теология факультетин бүтүргөн адистерди б.а. ички потенциалды колдонуу менен чечүү керектигине токтолду. Ошону менен бирдикте 1993-жылы Кыргызстанда гана эмес Орто Азияда алгачкы жолу ачылган Ош МУнун теология факультетинин 20-жылдык тажрыйбасынын эки баскычтуу жогорку билим берүүгө өтүүдө «теология» адистиктеринин мамлекеттик стандарттарын белгилөөдө эске алынбай калуусу чоң мүчүлүштүк жана кемчилдик экенине токтолду.

Жыйынтыгында парламенттик угуунун бир катар сунуштамалары кабыл алынды. Анда өкмөткө диний билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү, жалпы билим берүү мекемелеринин программасына дүйнөлүк диндердин маданияты менен тарыхы сабагын киргизүү боюнча маселелерди комплекстүү чечүү үчүн ведомстволор аралык жумушчу топ түзүү тапшырмасы белгиленди. Мыйзам долбоорун Жогорку Кеңештин

тармактык комитети караганга чейин бир катар талкууларды өткөрүү боюнча пикирлер айтылды.

**Мыйзам долбоору жөнүндө**

«Диний билим берүү жана диний окуу жайлары жөнүндө» мыйзам долбоору, диний билим берүү жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана өлкөдө диний кырдаалды жакшыртуу максатында демилгеленип, иштелип чыккан. Долбоордо диний билим берүүнүн стандарттарын белгилөө, окуу жайларын, алардын материалдык-техникалык базаларын иретке келтирүү, ошондой эле чет өлкөлүк диний окуу жайларын (борборлорун, өкүлчүлүктөрүн, бөлүмдөрүн) эсептик каттоодон өткөрүү каралган.

«Диний билим берүү жана диний окуу жайлары жөнүндөгү» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ долбоору 6 главадан жана 19 беренеден турат.

**Корутунду**

Өлкөдөгү диний кырдаалды мындан ары жакшыртуунун, талкууланып жаткан мыйзам долбоорунун тез аранын ичинде кабыл алуунун зарылдыгы белгиленди. Жогоруда аталган мыйзам долбоорунун кабыл алынышы менен диний билим берүү укуктук негизде өнүгөт жана жөнгө салынат.

Кыргызстанда диний билим берүүнү модернизациялап жөнгө салуу заман талабы. Ааламдашуу жараянында маалымат технологиясы өнүгүп идеологиялардын күрөшүүсү өкүм сүрүп жатканда диний билим алууну стихиялуу абалга таштап коюуга болбойт. Диний билим берүүдөгү кемчиликтер коомго зыян келтирүү менен мамлекеттин коопсуздугуна таасир этип жаткандыгына баарыбыз күбө болуудабыз. Мамлекеттик органдар Диний билим берүү жөнүндөгү мыйзамдын зарылдыгын мамлекеттин коопсуздугу менен байланыштырууда. Дин тутуу эркиндиги табигый муктаждык. Бул муктаждык легалдуу жолдор менен жетиштүү канааттандырылуусу кажет. Демократиялык коомдо жарандар укуктары менен кошо милдеттерин да аткарууга тийиш. Бүгүн дүйнө мамлекеттери коомдон динди сүрүп чыга албагандыктарына ынанып, динден позитив жактарынан пайдалануу жолдорун издеп жатышат. Дин ишениминдеги адамдар бул мыйзамдын диний окуу жайга мамлекет тарабынан кепилдик берилүү менен ачык айкындуулукту сактоосуна ишениши керек.

Мыйзамдын кереги жок деген түшүнүктөгү мекендештерибиз да бар. Мыйзам, тартип болгондо гана коом, мамлекет өнүгөт. Диний окуу жайлардын мамлекет тааныган документтин берилиши баарына эле жагып, эңсегени болсо керек. Диний билим берүү системага салынып жалпыланышы динге ишенгендерге өнүгүүгө гана түрткү болсо, коомчулук тарабынан да диний окуу жайларга айтылып жаткан

сындарга бөгөт коет. Чет өлкөдөгү диний билим алууну да системага салуу керек. Мында Билим берүү министрлиги, Дин комиссиясы, Муфтият жана Тышкы иштер министрлигинин кызматташуусу менен жарандын арызынын негизинде келишим түзүлгөн мамлекеттерге жөнөтүлүүсү максаттуу болмок. Бул билим алууну чектөө катары эмес, коомдун, мамлекеттин келечеги жана коопсуздугу катары кабылданышы керек. Натыйжада диний билим берүү укуктук негизде өнүгөт жана жөнгө салынат.

Ошону менен бирдикте жалпы билим берүүчү мектептерде «дин сабагын окутуу» жөнүндө «Билим берүү Мыйзамына» толуктоо иретинде же атайын ал жөнүндө мыйзам кабыл алынуусу кажет. Баланын коомдогу диний түшүнүктөр жөнүндө туура маалыматка ээ болуусу менен дин тутуу эркиндигин камсыздоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Дин сабагын окутуу дегендик балдарды «диндарлаштыруу эмес», «дин жөнүндө туура маалымат берүү» экендигин баса белгилеп өтүү кажет. Бул жөнүндө да жалпы коомго жана интеллигенция жамаатына жеткиликтүү маалымат жеткирүү керек.

Билим берүү, илим министрлигине тиешелүү мамлекеттик органдар, мекемелер менен бирдикте диний окуу жайлары үчүн бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу боюнча чараларды көрүүсү максатка ылайык болот. Билим берүү жана илим Министрлигинде атайын «диний билим берүү бөлүмүнүн» ачылуусу керек. Анткени диний билим берүү стандарттары адис тарабынан каралбаса Мыйзам канчалык жакшы даярдалганы менен стандарттарды кабыл алууда чабалдыктар болуп «Ыйман сабагын» «Адеп сабагы» деп өзгөртүүдө болгондой максат толук ишке ашпай талаштар күч алат. Максатты легалдуу жана рационалдуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүлмөк. Мындай тажрыйбалар Англия, Германия жана Туркия мамлекеттеринде практикаланып келет.

**МЫЙЗАМ ДОЛБООРУНА СУНУШ**

**I ГЛАВА.**

**Жалпы жоболор**

**3-берене. Негизги түшүнүктөр**

Негизинен түшүнүктөр берилген, бирок жок дегенде Ислам багытындагы окуу жайлары башталгыч, орто жана жогорку деп бөлүнгөндөн кийин ал окуу жайлар өз алдынча да жана бир-бирин толуктоочу/уланмалуулук принцибине ылайык жазылса жакшы болмок.

Мисалы, Куранды окуп үйрөнүү курсун бүткөн, медреседе андан соң Ислам университетинде келген жеринен окуп кете алуу мүмкүнчүлүгүн же улантпаса да өз алдынча бир мааниге ээ болгудай кылып жазуу максатка ылайыктуу болмок. Анткени, окуучунун окууну

бүтүрүп жалпы билим берүүчү же башка кесиптик окуу жайда да окууга мүмкүнчүлүгү болгудай шарт түзүлүүсү керек. Мында жарандын билим алуу укугу чектелип калбашы керек

**медресе – исламдык диний орто окуу жайы; дин жаатында окуучуларды кесиптик даярдоо менен айкалышта жалпы орто билим берүүнүн деңгээлин камсыздоочу диний окуу жайы болуп эсептелет**;

**диний билим берүү – мамлекеттик жалпы билим берүү программасына ылайык диний билим берүүчү диний окуу жайлардын системалуу түрдө динди терээң үйрөнүүгө, диний ишенимди өздөштүрүүгө жана жайылтууга, диний адистерди даярдоого багытталган диний окуу жайлардын иши**;

Диний багыттагы билим берүүчү мектеп-лицей – дүйнөлүк диндер, диний этиканын негизи жөнүндө түшүнүк берүү менен катар жалпы билим берүүчү мектеп **(деп кошумчаланса)** абдан туура болот.

**II ГЛАВА.**

**ДИНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ**

**5-берене. Диний билим берүү стандарттары**

1. Диний билим берүү стандарттары диний билим берүү субъекттери тарабынан иштелип чыгышы жана билим берүү жана **дин иштери боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдар** тарабынан бекитилүүгө тийиш.

3. **Башталгыч, орто жана жогорку диний окуу жайлардын билим берүү системасы бир бирин улантуучу жана өз алдынча болуп, окууну бүтүргөндүгүнө байланыштуу документ/квалификация берүүгө тийиш (деп кошумчаланса).**

4. Бардык билим берүү программарында талаптар:

4) **Башталгыч, орто жана жогорку (деп кошумчаланса)** диний окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн адистештирүүчү жана квалификациясынын деңгээлин ырастоочу документтердин формаларын аныктоо;

5) **Башталгыч, орто жана жогорку диний окуу жайлардын (деп кошумчаланса)** окутуучуларына коюлуучу кесиптик талаптарды аныктоо.

**7-берене. Диний билим берүү программалары**

1. Диний билим берүү программалары инсандын маданиятын калыптандырууга, тиешелүү квалификациядагы адистерди даярдоого, инсанды коом турмушуна көнүктүрүүгө, башталгыч, жалпы билим берүүчү жана кесипкөй программаларды аңдаштыра тандап алуу жана өздөштүрүү үчүн негиз түзүүгө багытталган.

2. **Диний билим берүү программалары жалпы диний маалыматтарды кеңири алууну каалагандар үчүн жана атайын**

**кесиптик диний билим берүүчү окуу программалары болуп бөлүнөт (деп кошумчаланса)**.

3. Билим берүү жана **дин иштери боюнча** Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары диний окуу жайлардын ишин инспекциялык текшерүүнү ишке ашырууга, тартип бузмайларды четтетүү жөнүндө көрсөтмө берүүгө, окуу программаларын каттоодон өткөн учурундагы, окуу программалары жана окутуу шарттары сакталбаса, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү чараларды көрүүгө укугу бар.

**11-берене. Диний билим жөнүндө документтер**

**3. лицензияланган диний окуу жайлардын берген квалификациясы/документи башка окуу жайларда окууга укук берет (деп кошумчаланса)**. *Диний окуу жайды бүтүргөн документ менен башка окуу жайында окуусун улантуу мүмкүнчүлүгү берилиши керек.*

**III ГЛАВА**

12-**берене. Диний окуу жайдын окуучуларынын жана кызматчыларынын укуктары жана милдеттери**

5. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарга Кыргыз Республикасынын жарандарынын диний билим алуу үчүн чыгышы Кыргыз Республикасынын мыйзамарына ылайык **Билим берүү жаатында келишим түзүлгөн мамлекеттер менен гана** Дин жана билим берүү иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен макулдашылгандан кийин **жарандын арызынын негизинде** ишке ашырылат.- деп толукталса жакшы болот.

Мыйзам долбоорун жалпы коомчулук активдүү талкуулап, депутаттарыбыз да учурдагы абалды жана замандын талабын эске алып, өлкөбүздүн кызыкчылыгы, коомдун өнүгүүсү үчүн колдоп берет деген үмүттөмүн.